**УДК: 371.12 (575.2) (04)**

**АЙТЫМБЕТОВА Д.А.**
Ж.Баласагын атындагы КУУ
**AITYMBETOVA D.A.**
KNU J. Balasagyn

# УЧУРДАГЫ ЖАШТАРДЫ ЭМГЕККЕ ТАРБИЯЛОО МАСЕЛЕЛЕРИ

# АКТУАЛЬНЫЕ ВОПРОСЫ ТРУДОВОГО ВОСПИТАНИЯ СОВРЕМЕННОЙ МОЛОДЕЖИ

# CURRENT ISSUES OF LABOR EDUCATION OF MODERN YOUTH

**Аннотация:** Илимий макаланын негизги бөлүгү Кыргызстандагы жаштарды эмгекке тарбиялоонун маселелерин ичине камтып, андан чыгуунун негизги бир жолу катары акыл эмгеги менен күч эмгегине айкалыштыра тарбиялаган ата-бабаларыбыздын тарбиясы, макал-лакаптары талдоого алынып, педагогикалык, филологиялык өңүттө изилдөөгө багыт алат. Адеп-ахлак тарбиясынын ичинен эмгек тарбиясы келечек ээлери болгон учурдагы жаштар үчүн эң маанилүү экендигин көргөзгүбүз келди.

**Аннотация:** Основная часть научной статьи посвящена вопросам трудового воспитания молодежи Кыргызстана, основным выходом из которой является анализ пословиц наших предков, воспитавших в сочетании умственного и физического труда, берет направление исследования в педагогической, филологической стезе. Мы хотели показать, что для нынешней молодежи, являющейся будущим поколением, трудовое воспитание – важнейшее нравственное воспитание человека.

**Annotation:** The main part of the scientific article is devoted to the issues of labor education of the youth of Kyrgyzstan, the main way out of which is the analysis of the proverbs and sayings of our ancestors, brought up in a combination of mental and physical labor, direction of research on the pedagogical, philological trajectory. We wanted to show that for today’s youth, that is, the future generation, labor education is the most important moral education of a person.

**Негизги сөздөр:** жаштарды эмгекке тарбиялоо, акыл эмгеги, күч эмгеги, ата-бабаларыбыздын тарбиясы, макал-лакаптар.

**Ключевые слова:** трудовое воспитание молодежи, умственныйтруд, физический труд, воспитание наших предков, пословицы-поговорки.
**Keywords:** Labor education of youth, mental labor, physical labor, education of our ancestors, proverbs and sayings.

Ооба, жаштарды эмгекке тарбиялоо бүгүнкү күндүн олуттуу маселелеринин бири болуп турат десек жаңылышпайбыз. Учурда биздин Кыргызстанда болжол менен сексенден ашуун улут жашайт. Алар ата- бабаларыбыздын коомунда да болгон жана ошол этностордун “биз кыргызбыз” деп сыймыктануу менен айтышканын өзүбүзгө жакын улуу муундардан угуп калдык. Ал эми акыркы жылдар аралыгында Кыргызстанда “Эр эмгегин жер жебейт”- деп акыл кыры менен баскан чечен ата-бабаларыбыз айтмакчы, дыйканчылык менен алектенип, өмүр сүргөн дунган, кореец улутундагы замандаштарыбыз уул-кыздарына “кыргыз болуп калба!”- деген осуятын көп айтышаары бизге белгилүү. Себеби, бул этносторго мүнөздүү болгон өзгөчөлүк - эмгекчилдик алардын эмгек талааларына жалданып иштеген кыргыздарда салыштырмалуу алсыз экени аларга даана байкалып, жалкоо болгону үчүнжакыр, кул сыяктуу иштеп, кээде жагымсыз мамилеге чыдоого, жаман сөз угууга аргасыз болот деген ойдо, балдарына андай тагдырды каалабандыгын билгизе жогорудагыдай таасирдүү осуятын демократиялуу айтышса керек. Буга биздин сыймыктуу Курманжан Датка апабыздын: “Адамдын күзгүсү – адам, анткени өзүңдүн мыкты жана кемчил жактарыңды башка адамдар аркылуу гана көрөсүң” деген сөзү ылайык келет.
Белгилеп кетүүчү нерсе, этникалык өзгөчөлүктөр бир эле адамды эмес, бүтүндөй бир улутту мүнөздөйт жана ал өзгөчөлүктөр бир нече кылымдардын аралыгында тигил же бул улут жашап жаткан жаратылыштык, географиялык чөйрөнүн, экономикалык, социалдык, диний жана башка шарттардын таасири астында калыптанат. Ошондой эле этникалык өзгөчөлүктөр ар бир этноско таандык адамдардын мүнөзүнөн да көрүнөт. Ошондуктан жогорудагыдай жалпы кыргыздын намысына шек келтирчү сөздөр айтылып, андай учурларда кыргыз элине мүнөздүү болгон меймандостугу өңдүү өзгөчөлүк-баалуулуктары көз жаздымда калат эмеспи. Андыктан, кыргыз элинин трайболизминин бири болгон жалкоолукка каршы күрөшүүнү күчөтүүбүз абзел. Алдыдагы пандемия адам үчүн эң маанилүү болгон динге, үй-бүлөгө, ден соолукка гана көңүл буруууга түртпөстөн уюлдук телефондорго уул-кыз болуп калган жаштардын чыныгы ата-энеси болууга, алардын табигый жөндөмдөрүн өстүрүп кесибин туура тандоого, адеп-ахлак тарбиясына, анын ичинен жаштардын келечегин чечүүчүлөрдүн бири болуп эсептелген эмгекчилдикке үйрөтүүгө түрткү берди. Учур талабы ата-бабаларыбыздын эмгекке тарбиялоосу менен эмгекчилдик боюнча дүйнөлүк практикада

алдыңкы орундагы 95%ы эмгекти сүйгөн адамдардан турган Япония өңдүү өлкөлөрдүн тажрыйбасын айкалыштыруу менен алдыңкы сапка чыгуу.

Кыргыз элинде ак эмгектен качпаган колу эптүү, иш билги элпек жаштар, “эл багар” инсандар эл мыктысы катары эл тарабынан ар дайым жогору бааланып келген. Ата-бабаларыбыз эзелтеден жаш муундардын зээнине “короо толо койлуу, өрүшү толо малдуу, кампаң толо дандуу болуп”, бакубат жашоо жеке адам менен коомдун туруктуу өнүгүшүнүн зарыл шарты экендигин уялатып, уютууга аракет кылып келишкен. Бирок учурдагыдай даяр ашка көнүп, алдоо, тоноо жолдорун колдонуп, уурулукту кесип кылбаш үчүн материалдык байлык менен рухий баалуулуктарга жетүү, коомчулуктун урмат-сыйына арзуу адал эмгек аркылуу гана мүмкүн деген ойду айтышкан. Арам жол менен табылган аш жукпастыгы жөнүндөгү ойлорду “Ууру жана анын акылдуу уулу” жөнүндөгү кыргыз эл жомогунан жана улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов атабыздын “Бетме-бет” чыгармасындагы Ысмайылдын жандуу образынан даана көрө алабыз...

“Адал”, “арам” сөзү ислам динине таандык көп функциялуу араб сөзү, бирок кыргыз тилиндеги “ак”, “кара” деген сөздөрдүн синоними катары кабылданып сиңип кеткен. Адал эмгектин натыйжасы чын ыклас менен, бирөөнүн акысын жебестен, карандай мээнет, “пешене тер” менен табылган оокат аш жана башка баалуулуктар. Буга байланыштуу “Адал эмгек абийир таптырат, арам эмгек азабын тарттырат” –деген макалда өзгөчө маани жатат. Элдин баасында адал эмгек табылган материалдык дөөлөт адамдын өзүнүн кишилик наркын өлчөөнүн көрсөткүчү: “Дарак – жалбырагы менен жашыл, адам – ак эмгеги менен асыл”, “Эмгексиз бакыт – тузу жок тамактай”, “Ак эмгектен түрдүү мүшкүл жоюлат; дил агарып, баары оң жолго коюлат”. Ошондуктан ата-энелер балдарга ак караны таанытуу, адал жашоого үйрөтүү, аларды кандай эмгек менен багып чоңойтуудан көз каранды болот деген ишеним менен “Биз силерди ак эмгек, пешене терибиз менен бактык, арам тамак жедирбедик” – деп, силер да “Ак ойлоп, адал иштегиле” деген накылды зээндерине уютуп келишкен. Ал эми рухий же материалдык байлык болобу, эмгектин берген натыйжасы адамдын мүнөзүндөгү максаттуулук, умтулуунун, мээнеткечтиктин, чынчылдыктын натыйжалуулуктун көрсөткүчү катары каралган. Ар бир ата-эне перзенттерине оңой жол менен мээнетсиз табылган оокат менен байлыктын кайтарымы, жугуму болбостугун, эң башкысы жакшы абийир, оомат алып келбей тургандыгын макалдар аркылуу да дамамат эскертип келишкен. Мындай ой тыянактар “Сайдыкы сайга, суунуку сууга”, “Кылып ичкен кыйын аш, кыдырып ичкен оңой аш”, “Эмгексиз тапкан мал, эсепсиз кетет” – деген макалдар аркылуу даана туюнтулат [1:97,98].

Азыркы күндүн көйгөйү болгон узак жашоо, моралдык жана материалдык муктаждыктарды канааттандыруу эмгекчилдик менен тыгыз байланышта. Ал эми адамды эмгекке тарбиялоодо ар бир сөздү салмактап,сүйлөөр сөзүн ийкем менен, сүйлөөр сөзүн ийгилик менен, сүйлөөр сөзүн жообу менен сүйлөгөн элибиздин руханий байлыгын толуктап, жашоого болгон физикалык активдүүлүгүн өстүрүп турууда макал-лакаптардын орду чоң. Адамдын акыл эмгегин дагы, күч эмгегин дагы бирдей алып кетүүдө, коомдо өз ордун тапкан инсан болууга макал-лакаптар зор жардамчы, тирөөч болот.

Жалпысынан алганда, макал-лакаптарды „паремиология“(байыркы грек тилинен которгондо paroimia - мисал, макал-лакап, logos-сөз, окуу дегенди түшүндүрөт) илими окутуп үйрөтөт.

„Паремия- бул көп функционалдуу жана ар кыл сапаттагы элдик чыгарма. Паремия, башкача айтканда макал-лакаптар табиятты, коомду жана аң-сезимди ар тараптан камтып чагылдырып турат. Буга элдик билимди жалпылап жана көркөмдөп берүү касиети өтө мүнөздүү. Ошондуктан ал бир нече илимий тармактардын предмети боло алат. Бул гносеологияда, фольклористикада, лингвистикада, этнографияда, социалдык мнемологияда, когнитивдик психологияда, этно психологияда, логикада, этнопедагогикада жана башка илимий тармактардын чегинде изилдөөгө жарамдуу”- деп айтылат [2,3].

Паремиянын негизи функцияларынын эмгекке тарбиялоодо канчалык мааниси бар экенин карап көрөлү:

Когнитивдик функция. Паремия чын дүйнөнү чагылдырат, аны элдин акыл-эс элегинен» өткөзүп, эстутумду түзүүчү баалуу жана нарктуу байкоолорду, билимдерди, тажрыйбаны, эрежелерди камтыйт. Ар бир паремия дүйнөнүн белгилүү фрагментин жалпылап, элдик түшүнүктөрдү, дүйнө таанымдарды каттайт жана жайылтат. Мисалга: „ Дөөлөт тоголок, мээнет жалпак“. Макалдын канчалык элестүү, так, даана, кыска жана нуска айтылгандыгы менен терең философияны бизди каптап турган чындыктар аркылуу берүүсү тарбияланып жаткан адамды туура эмгек кылууга гана үндөбөстөн, анын элестүү кабыл алуусун да өрчүтөт.

Кумулятивдик функция. Социалдык аң-сезимде паремиялык эстутум бар, ал акырындап жыйналган, катталган жана ассоциативдик түрдө системалаштырылган ой формулаларынан турат. Паремиялык фонд коллективдүү тажрыйбаны, билимди, байкоолорду сактап, муундан-муунга, элден-элге берип турат. Эмгекке тарбиялоодогу макал-лакаптарды топтоодо:

Н. Калыгулов жыйнаган 2340 макалдын ичинен 154 макал күч эмгегине, ал эми, 167 макал акыл эмгегине тиешелүү. Мисалы:“. Баш иштебесе бутка күч келет“ деген акыл эмгегине байланыштуу макалда жакшы акылдын аркасында гана туура эмгек кылып, убакытты,

физикалык активдүүлүктү ашыкча чыгымга учуратпоого болоорун так-таасын, кыска логикалык сүйлөмгө сыйдырып берип жатат.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия чыгарган китептеги 2806 макалдан 50 макал күч эмгегине тиешелүү болгон болсо, а Орхон-Енисей байыркы кыргыз-түрк жазуулары жана рух башаттары китебинде берилген Махмуд Кашгаринин сөздүгүнөн кыскартылып алынган 39 макалдын ичинен төртөө күч эмгегине, жетөө акыл эмгегине тарбиялоого тиешелүү. Мисалы: „Жаз кыйналган кыш кубанат“, „Эмгек текке кетпес“,

„Жашында мээнет кылган, карыганда сүйүнөт“ [6:147,148] деген сыяктуу макал-лакаптар бизден он кылым мурдагы эле көркөм сөз табылгалары болуп эсептелинет.

Ал эми интернет булагындагы [ kmb3.kloop.asia сайты] 1001 макалдын 27си эмгекке тарбиялоочулук мааниде айтылган.

Бирок паремиялык эстутум азыркы учурда жашына карата улуу муунда, географиялык жактан айыл-кыштактарда, илимий чөйрөдө сөз баалаган инсандарда болгону менен, аны күнүмдүк жашоодо ар кыл жагдайга жараша макал-лакапты тарбияланып жаткан адамга карата колдонуу азайып бараткандай. Мисалга: интернет желесиндеги сурамжылообузда жүздөн он пайызы гана канааттандырарлык жооп берди. Мындан жаштарды тарбиялоодо макал-лакапты колдонбогондугун же андай болбогон күндө да сурамжылоого кайдыгер мамиле жасагандыгы жалкоолуктун эң майда, көзгө анча учурай бербеген белгилеринин бири деп эсептеп, тыянак чыгарууга болот. Ошондуктан биздин милдетибиз, айрыкча глобалдашуу доорунда адамды тарбиялоодо, өзгөчө анын эмгекчилдикке болгон көз карашын жолго коюуда макал- лакаптарды практика жүзүндө муундан-муунга өткөрүү болуп эсептелет.

Магиялык-прогноздоочу функциясы. Кереметтүүлүк семантикасы ар кыл паремияда ар түрдүү. Ар бир паремия келечекти прогноздоого негиз боло алат. Мисалы: „Адамды сөзүнөн тааныбайт, ишинен тааныйт“ [3,3].

Оюн-зоок функциясы. Паремия кээде алаксуу, көңүл ачуу максатында колдонулат, кээде кеп ыргагын өзгөртүп, ага өзгөчө шаң, өзгөчө таасир кошот. Кайсы бир паремияларда эрмектөө, тамашалоо милдети үстөмдүк кылат. Мисалы, „Эшек такалаганча, бекер иште“ же

„Бүткөн ишке сынчы көп“[4].

Орнаменталдык функция. Паремия сөздү, кепти көркөмдөйт. Пикир алмашууга өзгөчө дем, ыраң берет, ойду негиздүү кооздойт. Мисалга алсак, „Көз-коркок, кол-баатыр“[3,3].

Моделдештирүүчү функция. Паремия реалдуу предметти жана анын сапатын атабайт. Конкреттүү сүйлөм аркылуу жалпыланган негиздүү пикир билгизет. Бардык паремиялар типтүү схема-моделдерге баш ийип, булардын чегинде жашайт. Ар бир паремия жалпыланган формулага баш ийет. Мисалы, „Жашоонун шамы - эмгек“.

Таалим-тарбиялык функция жаш муундардын, дегеле адамдын эстутумун элдик билим, элдик байкоо менен байытып, акыл-эс чабытын кеңейтет. Аларды адеп-ахлактык эрежелер менен куралдантырат, ойлоруна, жүрүм-турумуна туура багыт берип, сөзүн өстүрөт.

Ал эми эмгекке тарбиялоочу макал-лакаптар бир эле эмгек кылууга үгүттөбөстөн, адал жол менен эмгектенүүгө, анын пайдасын туура

колдонууга үгүттөп, ошол эле учурда жаш муундардан баштап улуу муундагы адамдарга чейин, алардын ортосундагы сый-урмат мамилени сактоого, ынтымакка жана өзүңдүн колуңдан келген, көзүң жеткен ишти жасоого түрткү берип, кесипти туура тандоого дагы көмөкчү болуп кетет. Буга "Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт" же „ Кары келсе ашка, жаш келсе ишке" жана башка ушул сыяктуу макал-лакаптар мисал болуу менен бирге таасирдүүлүгү жандуулугу менен тарбияга алда канча көмөктөш боло алат деген ойдобуз.

Жыйынтыктап айтсак, кыргыз элинин рухий мурастарында мээнетсиз ар кандай амал менен эл оозуна алынып, кадыр-сыйга ээ болгон бир дагы кейипкерди кезиктирүүгө болбойт. Демек, мээнеткечтик адамдарды айырмалап баалоонун эң катаал чен-өлчөмдөрүнүн бири. Себеби, элдик түшүнүктө эмгексиз адам катары ырыс-кешиктүү, абийирлүү жашоо кечирүү мүмкүн эмес. Буга: "Эмгексизге ыракат жок", "Эмгеги аздын – өнмөгү аз", "Бекерчиге күн батпайт", "Эмгектүүнүн наны таттуу", "Жалкоонун тамы да жыртык, меши да кыйшык", "Эмгектенип көрбөгөн, ыракаттын кадырын билбейт", "Эмгексиз дыйкандын күнү өтпөйт", "Жаткан уйга чөп жок", "Эмгектен качсаң – дөңгөккө" деген макалдар эмгек-мээнетсиз эч кандай натыйжага жетүү мүмкүн эместигин ачык-даана айтып турат [1,99].

Ал эми: "Эмгек - элдин көркү, Эр – элдин көркү", "Иши жоктун ашы жок", "Жигиттин түсүн айтпайт, ишин айтат", "Жакшы ишке келет, жаман ашка келет", "Эмгекти сүйбөгөн адам – эси жок наадан", "Куш канатсыз, адам эмгексиз жашай албайт" деген макалдарда адамдын адамдыгы иши менен өлчөнүп бааланат жана бул чен өлчөмдү эл ичинде учурда күчүнө киргизүү дагы эле айланып келип агартуучулардын, ата-энелердин колунда демекчибиз.

Ошондой эле кыргыз элибизде "Таяк тайга жеткирет, тай атка жеткирет" деген макалдын мааниси "Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң", "Эмгек эрезеге жеткирет", "Кыбыраган кыр ашат" деген сыяктуу макалдар менен тектешип келип, адал эмгек кылган адам, койчу болсо да акыры минээр атка ээ болуп, эл катарына кошуларын тастыктап турат.

Демек биз жаштарды эмгекке тарбиялоодо өзүбүз үлгү-күзгү боло, акыл эмгеги менен күч эмгегин айкалыштыра ата-бабаларыбыз өндүү макал-лакаптарды көбүрөөк колдонсок, чечендик өнөр гана өспөстөн, алардын намысын ойготуп, туура багытты тандоого көмөкчү болуп, асыл

ойлуу, ак сөздүү, адал иштүү жаштардын катарын байытмакпыз дегенойдобуз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Акматали Алимбеков.“Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы” –Б.:“Улуу Тоолор”, 2018.
2. Абдуллаев Абдурашит. “Кыргыз паремияларын когнитивдик- лингвистикалык өңүттө сыпаттоонун айрым проблемалары» - дис. иш. – Бишкек, 2018.
3. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия. Макал-лакаптар. Түзүүчү А.Алсеитов. Б:Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. – Бишкек, 2005.
4. Н. Калыгулов жыйнаган “Чөнтөк дос” макал-лакаптар жыйнагы китепчеси. – Бишкек, 2018, Б: «Сабат»
5. Kmb3.kloop.asia сайты
6. Абдыкерим Абдразаков. Орхон-Енисей байыркы кыргыз-түрк жазуулары жана рух башаттары.|- Бишкек, 2004, Б: «Бийиктик»
7. Айтымбетова Д.А. Билим Философиясы Рече, Бүгүн Жана Эртең.- КУУнун Жарчысы. -Бишкек, 2016 https://www.elibrary.ru/item.asp?id=26020319